# Ким эмнеге кызыгат?



Автор: Ысмайыл Кадыров

Сүрөтчү: Таттыбүбү Ырысбай

# Ким эмнеге кызыгат?

Автор: Ысмайыл Кадыров
Сүрөтчү: Таттыбүбү Ырысбай

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Ким эмнеге кызыгат?" (кыргыз тилинде), автор Ысмайыл Кадыров, сүрөтчү Таттыбүбү Ырысбай

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom

**ИНТЕРНЕТ**

Кыдырамын күнүгө,
Булуң-бурчун дүйнөнүн.
Балдар менен достошом,
Бирок өзүм үйдөмүн.

Бардык жерден заматта,
Жаңылыкты угамын.
Жер тыңшаган Маамыттай,
Бирок үйдө турамын.

Калдыңарбы, кызыгып,
Мунун сырын билсем деп.
Техника заманбап,
Анын аты – Интернет.






**Блог**

Социалдык тармакка,
Улам-улам жаңылап.
Кандайдыр бир теманы
Жаза берсе ары улап.

Интернетке жазылган,
Бул блог же күндөлүк.
Аянт пикир алышчу –
Текст, видеоролик.

Блог жүргүзгөн адамды,
Блогер деп аташат.
Көп окурман чогултуп,
Кээси акча жасашат.

**Вайн**

Бул болсо видеоролик,
Бир мүнөткө жетпеген.
Кыска, бирок кызыктуу,
Көпкө эстен кетпеген.

Окуялар күлкүлүү,
Кокусунан тартылат.
Ошентсе да күнүмдүк,
Жашоо-турмуш камтылат.

Вайн тарткан адамды,
Вайнер дешип аташат.
Бул жанрды көбүнчө,
Телефонго жасашат.




**Ютуб**

Бул каналга кызыккан,
Көрөрман көп аябай.
Анткени анда кызыктуу –
Түрдүү, түрдүү тема бар.

Көрүп кино, мультфильм,
Балдар дайым отурат.
Видеоролик көптөгөн
Секунд сайын кошулат.

Ютуб деген ушундай
Интернеттин айдыңы.
Кыска, узун – ар кандай,
Видеолор архиви.

Ютубер болосуң,
Эгер алсаң үйрөнүп.
Сен да ага кошосуң
Турмушуңду күндөлүк.



**Фейсбук**

Маалымат, сүрөт калтырып,
Кат жазышып сүйлөшкөн.
Билбегенин мектептей,
Бири-бирине үйрөткөн.

Дүйнөдөгү эң ири
Социалдык бул тармак.
Англис тилден алынып,
Фейсбук деп аталат.

Интернетти колдонгон,
Бардык адам кире алат.
Баш тарталбай каласың,
Болуп калса бул адат.

Киши бир топ миллиард,
Күнүгө ага кирет дейт.
Америкада аны баштаган,
Студент Марк Цукерберг.



**Стартап**

Жаңы бизнес долбоорду,
Тобокел кылып баштаган.
Стартап делет ишкана,
Бизнеске кадам таштаган.

Мисалы, жаңы азыкты,
Ойлоп тапкан, жасаган.
Каржыласа бирөөлөр,
Кадыры артып жашаган.

Кандайдыр бир идея,
Мурда такыр болбогон.
Демек, старт алган кез,
Жүзөгө ашып ойлогон.

Адегенде Фейсбук,
Стартап болуп башталган.
Ийгиликтүү ишке ашып,
Колдоо тапкан жаштардан.



**Инстаграм**

Сүрөт, видео, текстти,
Жарыялап туруучу.
Социалдык тармак бул,
Бирин бири угуучу.

Бул барактан таанышып,
Пикирлешин табышат.
Күн өткөрбөй баарлашып,
Курдаш болуп калышат.

Майк Кригер жана да
Кевин Систр баштаптыр.
Сан-Франциskодон ошентип,
Дүйнөгө кадам таштаптыр.



Ушул эле сыяктуу,
Социалдык тармак көп.
Билесиң өзүң аларды,
Көңүлүңө келет төп.

Жарыяланат жаңылык,
Жарыя, соода, башкалар.
Алардын бири – Твиттер,
Телеграмм, Классташтар.



Жан телефон, компьютер,
Техника заманбап.
Аларда да зыян бар,
Колдоно бил, абайлап.

Магниттик нурлануу,
Компьютерден бөлүнөт.
Ошондуктан алдында,
Олтурбагын көбүрөөк.

Компьютерде иштебе,
Күнү бою тынбастан.
Бырыш түшөт бетиңе,
Гимнастика кылбасаң.

Компьютерлик нурлануу,
Шалдыратат өзүңдү.
Жаш куюлтуп кургатып,
Алсыратат көзүңдү.

Демек, боло баштайсың,
Жапжаш туруп ачуулуу.
Көрүнөсүң куракташ,
Досторуңдан жашы улуу.



Ошондуктан саат сайын,
Беш-он мүнөт басып кел.
Бөлмө дагы желдесин,
Терезени ачып кет.

Жан телефон, айфонду,
Жөнсүз эле чукуба.
Унутасың башка ишти,
Көнүп алсаң ушуга.

Анан дагы ишиңден,
Алаксытат, азгырат.
Керектүү иш жасатпай,
Жан дүйнөңдү жазгырат.





Жүргөнүңдө көчөдө,
Олтурганда сабакта.
Наушникти эч качан,
Сайып алба кулакка.

Магдыратып эсиңди,
Ырлар гана угулуп.
Алышың да ыктымал,
Машинага урунуп.

Такыр укпай каласың,
Мугалимдин айтканын.
Элге шылдың болосуң,
Бул адатты таштагын.

Анан дагы музыка,
Кулагыңда даңгырап.
Боло берсе тарса-турс,
Тарсылдагы жарылат...

Жан телефон, компьютер,
Азыр абдан керектүү.
Жамандабайм аларды,
Мына ошол себептүү.

Бирок сөзсүз аларды,
Чеги менен колдонгун.
Жогорку айткан кеңешти,
Жаман көрбөй ойлонгун.

Китепти көп окусаң,
Ой чабытың кеңеет.
Ишенесиң бат эле,
Китеп ОКУУ – КЕРЕМЕТ!



АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Ысмайыл Кадыров
Сүрөтчү: Таттыбүбү Ырысбай

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли